**И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана тең уюштуруучулар Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Д 14.23.690 диссертациялык кеңешинин эксперти медицина илимдеринин доктору, профессор Абилов Болот Арипович 14.02.03 – Коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган "Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)" аталыштагы диссертациясына төмөнкүдөй корутундуга келди:**

## КОРУТУНДУСУ

**1. Диссертациялык кеңеш диссертацияларды коргоого кабыл алууга укук берилген адистикке илимий иштин шайкештиги.**

Сунушталган диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Илимий иште жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында) изилдөө жүргүзүлөт, жана 14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиктин паспортуна толук жооп берет.

**2. Изилдөөнүн максаты:** амбулатордук деңгээлде көрсөтүлүүчү медициналык жардамды комплекстүү изилдөөнүн негизинде терапиялык жардамды оптималдаштыруу жана анын сапатын, натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган илимий негизделген иш-чараларды иштеп чыгуу жана илимий негиздөө.

**Диссертацияда төмөнкүдөй изилдөөнүн милдеттери аркылуу диссертациялык иш максатына жетти:**

1. Амбулатордук деңгээлде көрсөтүлүүчү медициналык жардамдын учурдагы абалын жана уюштурулушун изилдөө, үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасындагы терапиялык жардамдын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн баалоо үчүн негизги маалыматтарды топтоо.

2. Терапиялык жардамды көрсөтүү процессинде пайда болгон негизги көйгөйлөрдү анализдөө: дарыгерлердин иш процессин, ресурстарды колдонуу жана бейтаптардын муктаждыктарын канааттандыруунун деңгээлин баалоо.

3. Медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган иш-чараларды иштеп чыгып, жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде илимий жактан негизделген сунуштарды иштеп чыгуу.

4. Терапиялык жардамды оптималдаштыруудагы сунушталган иш-чаралардын натыйжалуулугун баалап, алардын практикалык пайдалуулугун жана ишке ашуу мүмкүнчүлүгүн талдоо.

Изилдөөнүн максаты жана милдеттери диссертациянын темасына толугу менен шайкеш келет. Диссертациянын бөлүмдөрү логикалуу түрдө түзүлүп, бир бөлүктөн экинчисине так өткөн. Бардык шилтемелер жана библиографиялык маалыматтар белгиленген стандарттарга жооп берет. Диссертациялык иш 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча шифрге ылайык келет.

**3. Илимий иштин актуалдуулугу.**

Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматы боюнча, БМСЖдын модели салттуу медициналык жардам көрсөтүүдөн айырмаланып, ден соолукту чыңдоо жана ооруларды алдын алуу чараларын, ошондой эле ден соолуктун начарлашына шарт түзгөн факторлор менен күрөшүү аракеттерди камтышы керек.

Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейинки “Дени сак эл – гүлдөгөн өлкө” саламаттыкты сактоо трамагын өнүктүрүү боюнча Улуттук программаларынын негизги милдеттери бул, — учурдагы саясий-экономикалык шарттарда үй-бүлөлүк медицинанын жана милдеттүү медициналык камсыздандыруунун принциптерин андан ары ишке ашыруу жолу менен калкка медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу. Мындан улам баштапкы медициналык-санитардык жардам системасын реформалоо маселеси өзгөчө мааниге ээ.

Үй-бүлөлүк дарыгерлердин ишмердүүлүгүнүн түрдүү аспектилерин изилдөөгө чет өлкөлөрдө жана Кыргызстанда бир катар эмгектер арналган.

Бирок, бүгүнкү күнгө чейин амбулатордук деңгээлдеги калкка баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүү системасындагы терапиялык жардамдын көлөмү, технологиясы, сапатына таасир этүүчү факторлор, терапиялык жардамды баалоо критерийлери иштелип чыккан эмес.

Жогоруда айтылган көйгөйлөр баштапкы медициналык-санитардык кызматындагы терапиялык жардамды комплекстүү изилдөөнүн зарылдыгын аныктаган жана ошонун негизинде терапиялык жардамды уюштуруунун артыкчылыктуу багыттарын аныктоого негиз болгон.

Илимий иш кеңири жана актуалдуу маалыматтар, таблица жана сүрөттөр менен коштолгондугун белгилеп кетүү керек. Автор тарабынан чыгарылган тыянактар негизделген жана диссертациянын өзөгүн түзөт. Илимий иштин жоболору боюнча көптөгөн эл аралык, регионалдык конференцияларда билдирүүлөр жасалган жана басылмаларда чагылдырылган. Диссертациянын темасы боюнча ачык басылмаларда 13 макала жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук Аттестациялык комиссиянын талаптарына ылайык 199 баллды түзгөн.

Диссертация кыргыз тилинде жазылып, компьютердик текст форматында 151 беттен турат. Ал киришүүдөн, 3 бөлүмдөн жана жыйынтыктан турат. Илимий изилдөөнүн жыйынтыктары 14 таблица жана 6 сүрөт менен коштолгон, Д. К. Исраилова тарабынан илимий иштин мазмунунан келип чыгуучу көйгөйлөр боюнча 163 адабий булактар изилдөөгө алынган библиографиялык тизмеден турат, алардын ичинен: 83ү кыргыз тилинде, 47си орус тилинде жана 33ү чет тилдеринде.

**4. Илимий натыйжалар**

Илимий жактан негизделген төмөнкүдөй жаңы эмгектер сунушталат: теориялык натыйжалар, алардын медицина илиминин өнүгүшү үчүн мааниси:

Натыйжалар ишенимдүү статистикалык материалдары боюнча терапиялык оорулардын таралышы жана түзүмү илимий негизделген амбулатордук терапиялык жардамды оптималдаштыруу жана дарыгерлердин жардам көрсөтүү сапатын жогорулатуу жолдору.

**4.1. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**

1. Ош облусунун калкынын арасында мониторингке алынган оорулардын (жүрөк-кан тамыр, дем алуу ж.б) таралышы 7 жылдык мезгил ичинде системалуу түрдө талданды. БМСЖ системасында терапиялык жардамдын сапаты жана жеткиликтүүлүгү, монитордук оорулардын көрсөткүчтөрү изилденип, калкка терапиялык кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн уюштуруучулук-технологиялык иш-чараларды камтыган терапевттердин ишинин сапатын баалоо жана жакшыртуу боюнча хронокарталар иштелип чыкты.

2. Үй-бүлөлүк дарыгерлер менен терапевттердин иш практикасын салыштыруу үчүн системалуу эксперттик баалоо ыкмасы биринчи жолу колдонулду. Үй-бүлөлүк дарыгерлердин көп профилдүү адистиги менен терапевттердин ортосундагы сапаттык жана натыйжалуулук боюнча айырмачылыктар аныкталып, сапатты баалоодо эксперттердин пикирин негиздөөчү атайын критерийлер (мисалы, диагноз коюу, дарылоо протоколдорун колдонуу, бейтаптар менен өз ара мамилелер) иштелип чыкты.

3. Биринчи жолу Кыргызстандын Түштүк аймагындагы калктын муктаждыктарына жараша медициналык кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын салыштырып талдоо аркылуу БМСЖдагы терапиялык кызмат көрсөтүүнүн уюштуруу өзгөчөлүктөрү системалуу изилденип, аймактык факторлордун (калктын социалдык-экономикалык абалы, медициналык инфраструктуранын жеткиликтүүлүгү, кадрдык камсыздоо) терапиялык кызмат көрсөтүүнүн сапатына тийгизген таасирине анализи жасалды.

4. БМСЖ кызматтары тарабынан мониторингге алынган ооруларды диагноз коюу, дарылоо жана реабилитациялоо боюнча медициналык жардамдын сапаты алгач ирет комплекстүү терапиялык жардам көрсөтүүдө

жетишкендиктер жана кемчиликтер илимий негизде талданып, иштелип чыккан “Үй-бүлөлүк медицинадагы терапиялык жардам” аталыштагы методикалык колдонмо оорунун алдын алуу жана дарылоонун натыйжалуулугун жогорулатаары далилденди.

4.2. Илимий жыйынтыктардын негиздүүлүгү (материалдарды чогултуу ыкмалары)

Автордун изилдөө ыкмаларын колдонуусу, статистикалык маалыматтарды чогултуусу жана талдоосу, натыйжаларды жалпылоосу диссертацияда айтылган тыянактар жана сунуштар негиздүү деп эсептөөгө мүмкүндүк берет.

4.3. Илимий иштин теориялык мааниси. Теориялык материалдары Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынынын окуу процессине киргизилди (киргизүү актысы 22.05.2024 жыл).

4.4. Изденүүчүнүн жеке салымы. Д. К. Исраилованын жеке катышуусунда диссертациянын темасы боюнча жазылган бардык изилдөөлөргө, адабий булактарга аналитикалык талдоолор жүргүзүлдү. Изденүүчү Ош, Жалалабад, областындагы Үй-бүлөлүк медицина борборлорунун көрсөткөн ишмердүүлүктөрүнө саресеп жасап, атайын жеке сурамжылоолорду жүргүзүп, сандык параметрлердин статистикалык эсептөөлөрүн жүргүзгөн.

Автор тарабынан жыйынтыкталган материалдардын керектүү сандык көрсөткүчтөрдүн анализи жасалган. Автор мониторингге алынган оорулар менен кайрылган бейтаптарды дарылоону уюштуруу боюнча жыйынтыктарын изилдеди.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Диссертациялык иштин жыйынтыгы менен амбулатордук деңгээлдеги терапиялык жардамдын сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган иш-чаралар жана практикалык сунуштар камтылган “Үй-бүлөлүк медицинадагы терапиялык жардам” аталыштагы методикалык колдонмо иштелип чыкты жана практикалык медицинага ишке киргизилди.

Дарыгердин ишинин сапатын баалоону камтыган «Хронокарталар» даярдалып БМСЖ системасына сунушталды.

Изилдөөнүн натыйжалары Ош облусунун Ноокат районунун үй-бүлөлүк медицина борборуна (актысы 11.03.2024 жыл), Жалалабад облусунун Сузак районунун үй-бүлөлүк медицина борборуна (актысы 29.04.2024 жыл), Ош шаардык үй-бүлөлүк медицина борборуна (актысы 08.10.2024 жыл) практикага киргизилди.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган максаттарга жана изилдөөнүн милдеттерине толугу менен шайкеш келет. Автореферат КР Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан бекитилген Инструкциянын эрежелерине ылайык жасалган.

**7. Эскертүүлөр**

Сунушталган диссертацияга оң баа берүүгө таасир этүүчү принципиалдуу сын-пикирлер жок. Грамматикалык жана стилистикалык каталарга жол берилген. Жалпы практикадагы дарыгерлер үчүн сунуштарды реалдуу клиникалык практикада колдонууга мүмкүн болгондой кылып так жана конкреттүү түрдө берүү сунушталат.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын нускамасынын талаптарына ылайык текстти оңдоп, стилистикалык жана грамматикалык каталарды жоюу керек.

**8. Сунуштар**

- Жетектөөчү уюм катары Федералдык мамлекеттик бюджеттик илимий мекемеси «Н. А. Семашко атындагы коомдук саламаттыктын Улуттук илимий-изилдөө институту», коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасы (105064, Россия Федерациясы, Москва ш., Воронцово поле көч., 12, имарат 1) сунуштоо керек.

**- Биринчи расмий оппонент катары м.и.д., профессор Абилов Болот Арипович (автореферат боюнча адистиги 14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо), изилдөө маселесине жакын темаларда публикациялар бар.**

1. **Абилов, Б. А.** Результаты оценки эффективности деятельности уполномоченного органа в системе здравоохранения Кыргызской Республики [Текст] / М. А. Исмаилов, Б. А. Абилов, С. С. Абилов // Современные тенденции развития науки и технологий. – 2016. – № 5-1. – С. 104-108.

2. **Абилов, Б. А.** Организация центров гемодиализа на условиях государственно-частного партнерства в Кыргызской Республике [Текст] / М. А. Исмаилов, З. А. Долонбаева, Б. А. Абилов // Здравоохранение Кыргызстана. – 2021. – № 1. – С. 110-116.

3. **Абилов, Б. А.** Опыт инициирования проектов ГЧП в сфере здравоохранения Кыргызской Республики [Текст] / М. А. Исмаилов, З. А. Долонбаева, Б. А. Абилов // Здравоохранение Кыргызстана. – 2021. – № 1. – С. 117-123.

- Экинчи расмий оппонент катары м.и.д., **Буларкиева Элиза Алымкуловна** (автореферат боюнча адистиги 14.02.03 - коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо), изилдөө маселесине жакын темаларда публикациялар бар.

1. **Буларкиева, Э. А.** К вопросу качества оказания реабилитационной помощи в санаторно-курортных и лечебно-оздоровительных учреждениях Кыргызстана [Текст] / Э. А. Буларкиева, М. А. Сагымбаев // Бюллетень науки и практики. – Нижневартовск, 2022. – Т. 8, № 1. – С. 169-172.

2. **Буларкиева, Э. А.** Оценка качества и эффективности оказания медицинской реабилитации в санаторно-курортных и лечебно-оздоровительных учреждениях Кыргызской республики [Текст] / Э. А. Буларкиева, М. А.

Сагымбаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана – 2022. – № 4. – С. 145-148.

3. **Буларкиева, Э. А.** Анализ кадрового ресурса при реализации медицинской реабилитации в санаторно-курортных и лечебно-оздоровительных учреждениях Кыргызской Республики // [Текст] / Э. А. Буларкиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана – 2021. – № 9. – С. 55- 58.

**9. Жыйынтык**

Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын диссертациялык иши илимий изилдөө иши аяктаган, жүргүзүлгөн иштердин көлөмү боюнча илимий-изилдөө, теориялык жана илимий-практикалык мааниси, жыйынтыктардын негиздүүлүгү Кыргыз республикасынын Президентине караштуу УАКтын “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун” 11-пункттун талаптарына ылайык келет.

**10. Документтерди карап чыгып, диссертациялык кеңештин эксперти** 14.02.03 – коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча Исраилова Дарыгул Кубанычбековнанын медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган “Жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлер практикасында терапиялык жардам берүүнү уюштуруудагы көйгөйлүү маселелер (Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын мисалында)” аталыштагы диссертациясын И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана тең уюштуруучулар Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Д 14.23.690 Диссертациялык кеңешине диссертацияны кабыл алууну сунуштайт.

**Эксперт:**

**медицина илимдеринин**
**доктору, профессор:**
**(14.02.03 – коомдук саламаттык**
**жана саламаттыкты сактоо):** **Абилов Б. А.**

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктаймын:

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**м.и.к., доцент** **Ибраимова Д. Д.**

15.01.2025 ж.

И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы
Кыргызская государственная медицинская академия имени И. К. Ахунбаева
Общий отдел

Подпись Ибраимовой Д.Д. заверяю
зав. общим отделом
И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ. И.К. АХУНБАЕВА